398.9

АЙТЫШ ӨНӨРҮНҮН ЖЕКЕЛИК ЖАНА ЖАЛПЫЛЫК БЕЛГИЛЕРИ

DESIGNATION OF INDIVIDUALITY AND GENERALITY IN ART AITYS

М.КӨЛБАЕВА*

ТҮЙІНДЕМЕ

Мақалада қырғыз халқындағы айтыс өнерінің даму жолы қарастырылады. Сондай-ақ айтыс өнерінің өзіне тән белгілеріне тоқталып, ғылыми талдау жасайды.

Кілт сөздер: айтыс, вариант, түр, көркемдік сипат.

SUMMARY

The article discusses the development of aitys in Kyrgyz nations. As well as making a scientific analysis of the indications aitys.

Keywords: aitys, version, form, artistry, attribute.

Айтыш – ырчылар поэзиясындагы импровизациялык өнөрдүн бийик чегин көрсөтүп, публика менен түз байланышта аткарылып, өзүнө тиешелүү мазмун жана формалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон өзүнчө жанр. “Айтыш” деген атоону казак-кыргыз элдеринин оозеки чыгармачылыгын изилдеген окумуштуу М.Ауэзов: “айтысу, тартысу, дауласу, немесе жарысу, сынасу мағынасында колданылады” [1. 13] деп белгилесе, Ж.Таштемиров: “айтыш” деген сөздүн төркүнү “айт” деген буйрук этиш тен келип чыкканы талашсыз, Кадыресе учурларда бир адам экинчи жактагыга “айтыш” деген буйрукту берип калат. Эгер алгачкы башталышында кош буйрук этиштин маанисинде айтылып келсе, акыры оозеки эл чыгармачылыгынын бир түрүнүн түшүнүгүн - айтыш ырлары туюндуруп калган” [1. 5] – деп белгилейт. Чындыгында “айт”, “төк”, “ак” деген өңдүү буйрук этиштердин семантикалык маанилерине ылайык ырчылык өнөрдөгү “айтыш”, “төкмө”, “акын” деген сөздөрдүн тилдеги лексиканын ички баюу жолдоруна ылайык жаралганын көрөбүз. Ал акырындык менен лексикалык мааниден элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанрынын атоо маанисине чейин жеткен.

* Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун Окумуштуу катчысы, филология илимлар кандидаты. Бишкек-Кырғыз Республикасы.
Institute named Chingiz Aitmatov, language and literature, Ph.D., Scientific Secretary, Bishkek-Kyrgystan. E-mail: mkolbaieva@mail.ru

Айтыш – кыргыз элинин тээ байркы замандарда калыптанган оозеки адабиятынан башат алып, XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башында өнүгүүнүн бийик деңгээлине көтөрүлүп, бүгүнкү күнгө чейин өсүп-өнүгүп, азыр дагы элдин сүймөнчүк өнөрүнө айланып жашап жаткан чыгармачылык түр.

Айтыш фольклорго тиешелүү белгилерди өзүнө сиңирип, көркөм адабий процессте профессионалдуулуктун башатында турган өзгөчө феномен. Анын өсүп өнүгүү жолуна көз чаптырганыбызда фольклордук салттар, белгилер ошондой эле профессионалдуулуктун белгилери бирдей өнүккөнүн көрүүгө болот. Мындан улам айтыш фольклордук туундубу же индивидуалдуу чыгармачылыкпы деген суроо келип чыгат.

Айтыштар калк турмушунан алынып, эл массасына кызмат кылып, жалпы журттун максат, мүдөөлөрүн, маданиятын, үрп-адатын, таалим тар-биялык белгилерин ачып көрсөтүп, элдин кызыкчылыктарын чагылдырган **элдүүлүк** мүнөзгө ээ. Андагы негизги каармандар элдин өзү. Башкача айтканда айтыштын негизги оъектиси карапайым эл жана анын турмушу.

Адат салт айтыштары алгачкы башатында жамаат менен аткарылып, кийинкилеринин автору белгилүү болсо дагы эл арасында оозеки жашап, улам биринен экинчисине көчүп, алымча-кошумчалар менен толукталып **жамаатын** жалпы белгилерин өзүндө калыптандырган. Айталы, байыркы мезгилдерде үлпөттөрдө ырдалуучу "Сармерден", "Жар-жар" жамаатын аткаруусундагы чыгарма болгон. Ал эми кийинки эле эл арасында уламыш катары тарап бизге жеткен Бука ырчынын Айгандун уулу Жучинин өлгөнүн угузганы тууралуу легенда. Андагы Бука ырчы менен Айгандын айтышы, "Талым кыз менен Көбөктүн айышы" омок, легенда түрүндө эл арасында жашап жаматтык белгилерин өзүнө сиңирген.

Айтыш ырларынын баштапкы үлгүлөрүндө туруктуу текст жок. Бир эле айтыштын жаралуу мезгили, орду, аткаруучусу жагынан ар башка маалыматтарды табууга болот. Ошондой эле чыгарманын негизги мазмуну сакталганы менен мотивдер, сүрөттөөлөр, ойду берүү ыгы алмашып, **варианттуу** келет. Айтыш төкмөлүктүн бийик үлгүсү болгондуктан ырчылар кез келген жерде ырдап, айтып коё беришкен. Ал улам ооздон оозго өтүп, варианттуу болуп кетет. Мисалы, адат-салт айтыштарынан тартып ырчылардын айтыштарына (Арстанбек менен Картаңбайдын айтышы, Токтогул менен Эшмамбеттин айтышы, Жеңижок менен Эсенамандын айтышы ж.б.) чейин варианттуу экенин көрөбүз.

Айтыш - төкмөлүктүн салттарын өз боюна сиңирген салттуу өнөр. Өз кезинде саламдашуу, табышмактатып суроо салуу, сүрөп ырдоо, улууга жол берүү, чыгармасын аспап менен коштоо, чыгармачылык такшалууда устат күтүү, шакирт тарбиялоо ж.б.у.с. **салттуулуктарды** калыптандырды. Салттуулук айтыштын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнөн, уйкаштыкты колдонуудан, биринин оюн экинчиси улоодон ачык көрүнөт. Бул салтуулуктар кайсы мезгил болбосун биринен экинчисине, бир варианттан экинчи вариантка өтүп жүрүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

Айтыш эч кандай даярдыксыз, кандай жагдай шарт болбосун төгүп ырдоого ылайыкташылган элдик поэзиянын **оозеки түрү**. Анда алдынала даярдык көрүү, план түзүү, оңдоо, редакциялоо сыяктуу процесстер жүргүзүлбөйт. Кандай абалда ырдалса ошол боюнча элге сунулат.

Айтыштар кандайдыр бир нерсени же көрүнүштү образдуу түрдө сыпаттап көрсөтүү үчүн колдонулган **көркөм каражаттарга** ээ. Анда туруктуу эпитеттер, кайталоо, параллелизм, салыштыруу сыяктуу троптун түрлөрү көп колдонулуп чыгарманын көркөм-эстетикалык өзгөчөлүгүн көтөрүп турат.

Жогоруда санап өткөн айтышка тиешелүү белгилер бул жанрдын фольклордук түр экенин аныктап турат. Ал эми айтышта фольклор менен катар адабиятка тиешелүү белгилер да калыптанган. Белгилүү адабиятчы В.Я.Проптун "Фольклор и действительность" (М.: Наука, 1973. С.20) деген эмгегинде адабият менен фольклордун карым катышы жогорку деңгээлде талдоого алынып, адабияттын бир катар белгилери саналат. Автор ал эмгегинде адабияттын **бир жаралып, өзгөрбөй турган** касиетин белгилейт. Бул өзгөчөлүк XX кылымдын экинчи жарымынан тарта бүгүнкү күнгө чейин жеткен автору белгилүү айтыштардын көбүндө сакталган. Автору белгилүү айтыштарда көрүүчүлөр же угуучулар өзгөрүп турат, мындан сырткары ал көрүүчү чыгармага эч кандай алымча-кошумча киргизе албайт. Себеби, айтыш өз автору менен коомчулукка тарайт.

Автору белгилүү айтыштарды коом же эл массасы эмес бир адам, ырчы жаратат. Бул жагынан айтыштар **индивидуалдуу чыгармачылык** болуп эсептелет. Бул тууралуу адабиятчы С.Искендерова: "акындардын индивидуалдуу чыгармачылыгы өзүнүн поэтикалык табияты боюнча оозеки поэзияга абдан жакын турган көрүнүш, тагыраак айтсак, булар кош бирдиктүү процесс, чынын айтканда, көп учурда кайсы чыгарма накта элдики, кайсынысы индивидуалдуу чыгармачылыктын (автору белгисиз болсо) туундусу экендигин аныктоо өтө оорчулук туудурат" [3. 65] – деп, кош бирдиктүү процесс экенин белгилеп, аты уламышка айланган Асан Кайгы, Жээренче

чечен, Толубай сынчы Бука ырчы сыяктуу легендарлык ырчыларга шарттуу түрдө "автор" деген түшүнүктү ыйгарып, алардын чыгармачылыгын "фольклордон, элдик оозеки чыгармачылыктан бөлүнүп, жеке чыгармачылыкка өтүү кырдаалында турган" деп белгилеп, этап же чыгармачылыкпы ачыктабайт. Мына ушул аспектиден алып караганда, жана айтыштын жанр катары белгилерин эске алганда фольклордук поэтикадан башталып, өнүгүп ошол эле учурда адабияттык элементтери бар **адабияттык башталыш** экенин байкоого болот. Бул тууралуу казак окумуштуусу М.Ауэзов да төкмө ырчыларды (импровизаторлорду) фольклордук салт менен жазма же индивидуалдуу поэтикалык маданиятты алып жүрүүчүлөрдүн ортосундагы "фигура" катары мүнөздөйт [1. 121–123].

Төкмө ырчылардагы фольклордук салттар менен индивидуалдуу чыгармачылыктын жарыш түрдө, органикалык абалда бирдиктүү жашашынан айтуучулуктун деңгээли жогорубу же индивидуалдуулук басымдуубу деген суроо чыгышы мүмкүн. Бул тууралуу С.Искендерова: "акындардын жекече чыгармачылык өркүндөп-өнүгүшү анын талантына жана акындык өнөрдүн туш келген чөйрөнүн деңгээлине жараша болот, б. а. акындардын "мектеби" өтө маанилүү. Алар элдик поэзиянын үлгүлөрүн, мисалы, эпикалык же лирикалык жанрдагы чыгармаларды айтканда жекече, өзүнчөлүк деңгээлинин көрүнүшү азыраак болот, мындай учурларда традициялык мотивдер жана көрүнүштөр үстөмдүк кылат. Ал эми акындар өз алдынча өздүк чыгармаларын жаратып жана аткарып жатканда жекече башталыш күчтүү чыгат" [3. 65], – дейт. Демек, айтыш өнөрүн ээлеринде жаратуучулук жана аткаруучулуктун жуурулуша берилиши, ырчынын чыгармачылыгынын жекелигин дагы да дааналап көрсөтөт. Айтыштын мына ушул феноменалдык өзгөчөлүгүнө карап, фольклордун салттарын өз боюна сиңирген, **индивидуалдуу башталышка ээ жанр** катары мүнөздөөгө болот. Айтыш сыяктуу эле бүгүнкү күндөгү жар-жар, сармерден, акыйнек, сыяктуу оозеки адабияттын лирикалык түрлөрү, табышмак, макал-ылакап, тамсил, санаттар сыяктуу таалим-тарбиялык туундулар, эпостордун варианттары бүгүнкү күндө дагы жаңы мазмун, жаңы форма менен жаралып жатат. Бирок, алардын баарынын автору белгилүү. Бул түрдөгү чыгармаларды авторунун белгилүү экенине, аны оозеки эмес жазуу формасында жаралганына карап профессионалдуу адабият дейбизби? Эгер андай десек жазманын жаралышы менен фольклор өз жашоосун токтотту деген жыйынтыкка келишибиз керекпи? Бул суроо азырынча фольклор таануучулар менен адабият таануучулардын ойлоно турган маселелеринен.

АДАБИЯТ

1. Ауэзов М. *Айтыс өлеңдері.* Китепте: Айтыстану – Астана. 2013.
2. Таштемиров Ж. *Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү.* – Ф., 1989.
3. Искендерова С. *Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы.* – Бишкек. 2010.
4. Ауэзов М. *Мысли разных лет.* – Алма-ата, (1961) - С. 121-123.